Мүмкіндікті жүзеге асыру үшін осы конференцияға қатысушылар мәжілістің алты партияларына: Жаңа Парламент «Жеті ата зердесін» «онлайн» қалпына келтіру бойынша оң шешімге шешімді Президентімізге жолдауын ұсынуы лəзім.

Ол, Президентіміздің: «Цифландыру, IT технология əдісімен ұлты қазақ азаматтардың жеті ата, жеті буын бойы: неке қыйғанда, бала туғанда үш жұртындағы қыз алыспайтын туысқандарының аты-жөнін жазуға байланысты мəселелерді шешу тəртібі туралы» [3,4,5,6], - деген Жарлығының жариялауына жеткізеді.

**ПАЙДАЛАНҒАН ƏДЕБИЕТТЕР:**


1. «Жеті ата зердесі» ұғымының мəні мен мазмұны. Авторлық құқық. 2022 жылғы «30» маусым №27602 – http.//copyright.kazpatent.kz
2. Болсанбек Болат. Жеті ата жүйесі мен Мəңгілік ел тұжырымдамасы. / Qazagstan zamany. 17 мамыр 2019 ит жылы. - б. 8-9.; Болсанбек Болат. Қазақтың ұлттық коды мен діні. /Qazagstan dauiri. 20 наурыз 2019 доңыз жылы. - б. 8-9. Болат Болсанбек. “Қайырымды қаладан” басталған сабақтастық. //Agigat. Ұлттық қоғамдық-саяси журнал. № 2 ақпан 2021 – б. 99-105.
3. «Ұлты қазақ азаматтардың тегі мен əкесінің атын жазуға байланысты мəселелерді шешу тəртібі туралы» Қазақстан Республикасы Президентінің 1996 жылғы 2 сəуірдегі №2923 Жарлығы
4. “Неке (ерлі-зайыптылық) жəне отбасы туралы” Қазақстан Республикасының 2011 жылғы 26 желтоқсандағы Кодексі
5. Азаматтық хал актілерін мемлекеттік тіркеу актісі кітаптарының нысандарын жəне осы кітаптардағы жазбалардың негізінде берілетін куəліктердің нысандарын бекіту туралы Қазақстан Республикасы Үкіметінің 2012 жылғы 19 сəуірдегі № 498 Қаулысы
6. "Цифрлық Қазақстан" мемлекеттік бағдарламасы Қазақстан Республикасы Үкіметінің 2017 жылғы 12 желтоқсандағы № 827 қаулысымен бекітілген


## КЫРГЫЗ-КАЗАК ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН БАЙЛАНЫШТАРЫ


**Байдилдеев Ж.Р.**

И.Арабаев атындагы КМУнун «И.Арабаев таануу» илимий-изилдоо борборунун директору
Тарых илимдеринин кандидаты


XX кылымдын башындагы калыптанган кыргыз-казак интеллигенциясынын жоон тобу коммунисттер бийлеген совет дооруна дал келип, алардын тарыхтагы орду совет тарых илиминде пантүркизмге жана панисламизмге негизделген буржуазиялык-улутчулдук кыймыл деп аталып, анын уюштуруучулары жана катышуучулары болгон кыргыз-казак элинин далай чыгаан уулдары курмандыкка чалынганы белгилүү. Ал эми эгемендүү Кыргызстандын тарых илиминде болсо, улуттук мамлекетти түзүп, улуттун талабы менен улут кызыкчылыгын талашууга байланышкан күрөштүн бул этабын улуттук-боштондук кыймылынын мезгили катары кароого толук



Buketov University

негиз бар. Чынында улуттук-боштондук кыймылдын бул этабын жалпы түрктүк боордоштукка жана исламдык биргелешчиликке негизделген позитивдик-улутчулдук кыймыл-аракеттердин мезгили катары кабылдоого болот.

Мындай тарыхый өңүттөн алып караганыбызда кыргыз-казак элинин алгачкы интеллигенциясынын өзөгүн түзгөн чыгаан уулдарыбыздын мекенге өтөгөн кызматы баа жеткис. Эң оболу аларды коммунисттик советтик доордо инсандык парасатын бийик туткан, залкарлык жана кеменгерлик менен бир гана элге кызмат кылууну максат кылган, ошол мезгилдин саясий системалары менен кармашып, алардын курмандыгына айланган элдик уулдар экенин баса белгилешибиз керек.

Алар XX кылымдын башында өз өлкөлөрүнүн өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизген феномен болуп, көп кырлуу ишмердиги менен элине жана мекенине кызмат кылуунун жаркын үлгүсүн көргөзүп, улуттун чыгармачыл, жаратмандык өзгөчүлүктөрүн алып жүрүүчүлөрү, адеп-ахлактын жана акыл ойдун эталондору катары кызмат өтөшкөн. Демек, бул жерден эркин жана демократиялык кайра түзүлүштүн лидери болуу менен интеллигенция саясий түзүлүшкө да жөндөмдүү экендигин көргөзгөндүгүн тана албайбыз. Ошондой эле прогрессивдүү жаңылануунун башатында туруп, элдин кенен катмарын артынан ээрчиткендер да так ошол улуттук интеллигенциянын өкүлдөрү болушкан.

Мындай мезгилде эми кыргыз-казак интеллигенциясы, өзгөчө дыкаттык менен аракеттенип, кыргыз-казак элинин руханий аң-сезимин агартуу, билим берүү аркылуу көтөрүп, улуттук баалуулуктар менен байытууну көздөшкөн. Алардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында 1922-жылдын аягында кыргыз-казак элинин маданиятын өнүктүрүүчү “Талап” коому түзүлөт [1].

Архивдик документтерде официалдуу аталышы «Талап» кыргыз маданиятын жактоочулар коому деп аталган. Юридикалык дареги: «Ташкент шаары, Карл-Маркс проспектиси, үй №41, Киринпростун № 35чи бөлмөсү». Коомдун түзүлгөн күнү 13-декабрь 1922-жыл. «Түркстан Мамлекеттик Окумуштуулар Кеңешинин алдындагы коом» деп түзүлөт [2].

«Талап» коомун жарыкка чыгарууга иш баштап кызмат өтөгөн азаматтар: 1) Казак-кыргыз билим комиссиясынын башчысы, ардактуу докторубуз Халел Досмухамедов.2) Атактуу аалым, профессор Шмид Александр. 3) Казак-кыргыз салтын иликтеген, этнограф Абубакир Диваев. 4) Билим жолунда кызмат кылган таланттуу жаштар Карим Жалетов. 5) Атактуу акын Магжан Жумабаев. 6) илимпоз Архангельский Николай. Жогорудагы аты аталган азаматтардын катышуусу менен 13-декабрда Ташкенттеги казак-кыргыз илимпоздорунун «Талап» коомунун жыйналышы болуп, «Талап» коомунун башкармасынын мүчөлөрү болуп, төмөнкүлөр шайланды: доктор Халел Досмухамедов төрага. 2) Мырзагазы Есболов төраганын орун басары. 3) Ауэзов Мухтар катчы. Башкармалыктын мүчөлөрүнө: 1) Иса Токтыбаев.

Buketov University

2) профессор Шмид. 3) Мухамеджан Тынышпаев. 4) Касым Тыныстанов (акын ) студент шайланган.

«Талап» Казак-кыргыз маданиятын өнүктүрүү коомунун негизги максаттары жана ишмердүүлүгү кыргыз-кыргыз элинин маданий өнүгүшүнүн жолуна көмөктөшүү болгон. Аларды ишке ашыруу үчүн коом алдыга төмөндөгү милдеттерди койгон:

а) Казак-Кыргыз адабий тилин жана терминологиясын, орфографиясынын өнүктүрүү маселелерин иштеп чыгуу ж.б.;

б) Улуттук искусствону окуп үйрөнүү;

в) Кыргыз элинин жашоо тарыхын окуп үйрөнүү;

г) Кыргыз мектептеринде окутуунун маселелерин иштеп чыгуу;

д) Кыргыз илимий ишине жана кыргыз искусство ишмерлерине жардамдарды берүү;

Мына ушундай ошол кездеги эң орчундуу беш максатты алдыга коюп, оңой эмес ойлорду орундаттуу үчүн ишмердүүлүктөрүн башташкан.

Жогорудагы максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн коом мындай нерселерге токтолду. а) Айтыш (диспут), лекция, баяндама башка ушундай нерселерди уюштуруу. б) экспедиция, экскурсияларга чыгаруу. в) Көргөзмөлөрдү (выставка) уюштуруу. г) Убактылуу жергиликтүү басма сөздөр менен жарыялап туруу. д) Китептер, кол жазмалар, жана оозеки эскерүүлөрдү жыйноо. ж) Билим-өнөр адамдарына жарыш (конкурс) жасап, байге коюу иштерин уюштуруу дагы каралган.

Кыргыз-казак интеллигенциясынын көрүнүктүү өкүлдөрү агартуучу жана илимпоз Эшенаалы Арабаев менен белгилүү казак окумуштуусу, котормочу, мамлекеттик коомдук ишмер Ахмет Байтурсуновдун эки элдин илимине кошкон салымы 1924-жылы июнь айында Оренбург шаарында өткөн казак, кыргыз илимпоздорунун тунгуч съездине айкын көрүндү.

Туңгуч илимпоздордун бул сьездинин салмагы менен маңыздуулугун ага катышкандардардан байкоого болот. Катышуучулардын арасында Алихан Бөкөйханов, Ахмет Байтурсунов, Миржакып Дулатов, Халел Досмухамедов. Назир Төрөкулов, Елдес Омаров, Назипа Күлжанова сыяктуу белгилүү адамдар болгон. Ал эми аны уюштурган мекемелер менен өкүлдөрүн жөнөткөн жооптуу уюмдардын тизмеси да барандуу болгон. Алсак Казакстан окуу комиссариатынан Ахмет Байтурсунов, Елдес Омаров, жолдубай уулу Молдогали, Ералы уулу Нуртаз, Москвадагы Күн чыгыш басма сөз мекемесинен Алихан Бөкөйханов, Назир Төрөкулов, Казакстан илимий коомунан Миржакып Дулатов, Түркстан атынан Халел Досмухамедов менен Ишенаалы Арабаев, Бухара республикасынан Ноорузбай уулу Мырза, Оренбургдагы казак институтунан Мырза уулу Мухтар, Коммунисттик партиянын Казакстан комитетинен Кенже уулу Аспандияр, Бүткүлроссиялык Советтердин Казакстан бөлүмүнөн Самат уулу Мухтар, Семей губерниялык окуу бөлүмүнөн Турганбай уулу Манан, Костонай губерниялык окуу бөлүмүнөн Алдонгар уулу Ергали, Орал губерниялык окуу бөлүмүнөн Нагыметжан Шай уулу, Бөкөй губерниялык окуу бөлүмүнөн Рустем Акбай

Buketov University

уулу, Казакстан илим борборунун атынан Лебедев катышкан. Ошондой эле Сакен Сейфуллин Оренбургдагы газет-журнал башкармасынын атынан катышкан.

Сьезддин катышуучулары ошол заман агымындагы окуу-агартуу, илим-билим, мектеп программасы, алиппе, терминология маселеси жана жалпы түрк ааламынын руханий баалуулуктарын жандандыруу маселелерин талкуулашкан.

Съезддин күн тартибине төмөнкү маселелер коюлат:

1. Жазуу эрежелери;
2. Алип-бээ маселеси;
3. Казакча илимий терминдер;
4. Оозеки адабияттарды жыйноо чаралары;
5. Окуу китептерди, илимий адабияттарды көбөйтүү чаралары;
6. Башталгыч мектептердин программасы;
7. Техникумдар менен институттардын программаларынын негизин кароо.

Ошондой эле жыйынга катышкан илимпоздор сьезд казак-кыргыз илими менен адабиятын калыптандырууга жол ачат деп баа берген. Чынында бул сьездге бөлөк улуттагы илимпоздор дагы катышып, кабыл алынган арип тууралуу жакшы пикирлерин айтып, тажрыйбаларын бөлүшкөн.

Э.Арабаев съездди жапканда сүйлөгөн сөзүндө мындай деген: “Съезддин кароосуна тапшырылган маселелердин баары каралып бүттү. Бул съезд казак, кыргыз калкынын мурда каралбаган илим маселелерин жаңыдан оозго алган казак, кыргыз илимпоздорунун жаңыдан баш кошкон тунгуч съезди болду. Казак, кыргыз калкы краңгы наадандыктан бошонуп, маданият жолуна түшкөндүгүн көрсөттү...” [4,с.16-17].

Алфавитти өзгөртүү жана жазуу маселелери 1926-жылы Бакуда өткөн түркологдордун форумунда кеңири талкууланган. Бул форумга улуу окумуштуулар В.В.Бартольд, Е.А.Крымский, С.Ф. Ольденбург, А.А.Миллер, А.И.Самойлович, К.К.Юдахин, Б.Чабан-заде, Н.И.Ашмарин ж.б., ал эми Кыргызстандын Э.Арабаев, О.Бөлөбалаев, О.Алиев катышкан [6,с.49]. А.Байтурсунов: «байыртадан» эле түрк элдеринин 30% араб жазмасын пайдаланып келишкен жана араб алфавитинин негизинде өздөрүнүн жазма маданиятын түзүшкөн... Ошондуктан, биз реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү эске албай туруп, жаңы алфавитти кабыл алсак, анда анын оор кесепеттерине кабылышыбыз толук ыктымал: жаңы алфавитти кабыл улуу – демек, бардыгын кайрадан түзүү керек”, деп форумдун трибунасында билдирген [3,с.57]. А.Байтурсуновдун бул көз карашын Э.Арабаев да кызуу колдогон. Бирок, мындай каршы пикирлерге карабастан, алфавит адегенде латын, кийин кириллицага дагы эки ирет өзгөртүлгөн. Алфавитти мындай тез-тез алмаштыруу албетте, маданиятка, адабиятка бир топ терс таасирин тийгизген.

Жыйынтыктап айтканда, 1924-жылы июнь айында Оренбург шаарында өткөн казак-кыргыз илимпоздордун бул сьезди жана 1926-жылы Бакуда



Buketov University

өткөн түркологдордун форуму казак-кыргыз илиминин калыптанышына жол ачкан алгачкы эл аралык чоң жыйын катары тарыхта калганы менен, ага катышкан А.Байтурсунов жана Э.Арабаев сыяктуу илимпоздордун эмгеги казак-кыргыз илиминин пайдубалын ошол кыйын мезгилде түптөгөн кашгөй эмгектеринен кабар берет.

Казак-кыргыз маданиятын көтеріїчі «Талап» коому 1922-жылдагы казак-кыргыз интеллигенциясынын кызматташтыгы жана боордоштук мамилелери менен тїзілгєн, тарыхта барандуу оордуу бар эн жигердуу жана чон миссияны аткарган коом болгондугу тарыхчылар тарабынан тастыкталып келет. XX кылымдын башындагы кыргыз-казак интеллигенциясынын байланыштары эки элдин ортосундагы бир туугандык мамилелерди тарыхтан алган таалим аркылуу дагы бекемдетет деген ойдомун.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Абдырахманов Т.А., Кубатова А.Э., Байдилдеев Ж.Р., Эки доор инсаны Эшенаалы Арабаев. – Нур-Султан, 2022. – 170-б.
2. Жанпейисов Е.Н. Улут ар-намысы // Казак адабияты. 2013. №8, 14-март
3. Ильясова А.Н. Становление и развитие педагогической теории Казахстана (1900-1960 гг.). – Алматы, 1997. – 57-б.
4. Казак, кыргыз илимпоздорунун тунгуч съезди. – Оренбург: Киргосиздат, 1925. – 117-б. Китепте: Ишенаалы Арабаев. Туулган күнүнүн 110 жылдыгына арналган жыйнак. – Бишкек, 1993.– 16-17-б.
5. Казак билимпоздорунун тунгуч сиези. -Нур-Султан. 2022. 3-бет.
6. Эсенгулова М. Просветительская деятельность и педагогическое наследие Эшенаалы Арабаева. канд.диссертациянын колжазмасы. – Бишкек, 2005. – 49-б.
7. КР БМ КСДА, Ф.10. оп.1.д.2.л.37.

## ҰЛЫ ДАЛА ЕСІМДЕРІ ТІЗБЕСІНДЕГІ ҚАНЖЫҒАЛЫ ҚАРТ БӨГЕНБАЙ БАТЫР ТҰЛҒАСЫ

**Шашаев Ә.Қ.**

Ш.Ш. Уәлиханов атындағы Тарих және этнология институты
7 томдық Қазақстан тарихы академиялық басылымын Үйлестіру орталығының директоры, т.ғ.к.

Бөгенбай батыр XVIII ғасырдағы қазақ қолбасшылары ішіндегі ең беделді, ірілерінің бірі, Абылай хан дәуіріндегі атағы жайылған қолбасшы, батыр. Бөгенбай Ақшаұлы, қазақ жауынгерлері арасында қолбасшылық қабілетімен үлкен құрметке бөленіп, халық арасында Қанжығалы қарт Бөгенбай батыр атанған. Бөгембай Ақшаұлы, Қанжығалы Бөгембай, кейбір деректерге Бөгенбай, 1690 ж. Қаратау бөктеріндегі Бөген өзенінің бойы - 1775 ж., кейбір деректерде 1776, 1778 ж. ж. Ақмола облысы Ерейментау ауданында Қоржынкөл көлінің маңында өмір сүрген.



Buketov University